2.1.6. Суу түтүк түзүлмөлөрдүн жана курулмалардын суу камсыздоо системасына кошулуу үчүн колдонуу алдында жеке менчик ээси (ээ) “Таза Айыл”“Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ өкүлдөрүнүн катышуусу менен суунун сапатынан анализдеринин натыйжасын алууга чейин алардын тазалоосун жана дезинфекциясын камсыздайт,ал санитардык-гигиеналык талаптарга жооп бериш керек,ошол боюнча акттар түзүлөт.

2.1.7. Жаңы курулган же кайрадан курулган суутүтүк түзүлмөлөргө жана курулмаларга ичүүгө жарактуу суунун берилиши “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ келишиминин негизинде ишке ашырылат.

2.1.8. Суу керектөө объекттерин Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев а. суукамсыздоо жана борбордук канализация системасына кошууга ичүүгө жарактуу суунун эсептик аспаптарын орнотуусуз тыюу салынат.

2.1.9. “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ абоненттерине ичүүгө жарактуу сууну берүү суроосун жакшы чечиминде абоненттерге шаардык суутүтүктөн ичүүгө жарактуу сууну ичүүгө жана шаардык канализацияга агым сууларды кабыл алуусуна лимит коюлат,техникалык шарттарга ылайык.

Объектти колдонууга берүүдөн кийин суукеректөө көтөрүлгөн учурда ичүүгө жарактуу суу лимиттен артыкча колдонулса ага кошумча төлөм орточо көрсөткүч менен уч жана алты айдын ичинде жүргүзүлөт. Алты ай өткөндөн кийин суукеректөө көбөйсө техникалык шарттарга төлөм жүргүзүлбөйт.Техникалык шарттардын заказчысы “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ төлөмгө эсеп алган күндөн баштап 10 күн аралыгында лимиттен артыкча колдонуусу үчүн төлөшү керек.Техникалык шарттардын заказчысы төлөбөгөн учурда күнүнө 0,3 пайыз өлчөмүндө айып пул төлөп берет.

2.2. Суу керектөө объекттеринин Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев а. борбордук суу камсыздоо системасына жана канализациясына кошуу башка керектөөчүлөрдүн суутүтүк-канализациялык тармактарынан.

2.2.1. Суу керектөө объекттеринин Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев а. борбордук суу камсыздоо системасына жана канализациясына кошуу башка керектөөчүлөрдүн суутүтүк-канализациялык тармактарынан алардын жазуу макулдугу боюнча өндүрүлөт (өз эрки менен иштелүүчү же зордогон сервитутту орнотуу),суукамсыздоо жана суу кетирүү объекттеринин нормалдуу режимин сактоодо, “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ тарабынан берилген техникалык шарттарды бардыгы,ошондой эле ичүүгө жарактуу сууну тапшырууга келишимдер жана “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ агымдарын субабонент менен кабыл алуу.